
## Токтогул атындагы №6 орто мектебинин акыркы 5 жылда предметтер боюнча билим сапатынын мониторинги.





**Мектептин 5 жылдагы предметтер боюнча билим сапатына талдоо жүргүзгөн мезгилде орточо көрсөткүч 40% жогору болду.**

**Билим сапатынын жогорку көрсөткүчтөрүн кыргыз тили,кыргыз адабияты, орус тили, география, информатика жана башталгыч класстарда математика, адабий окуу сабактары көрсөттү. Бул сабактардан тажрыйбалуу мугалимдер сабак беришет.**

**2020-2021, 2021-2022, 2022-2023 -окуу жылдарында предметтер боюнча билим сапатынын бир аз төмөндөгөнү көрүнүп турат.Бул окуу жылдарында окуучулардын онлайн режиминде сабактарды окуусу, кайтарым байланышка чыгуу мүмкүнчүлүгүнүн толук эместиги, акыркы 2022-2023-окуу жылында мектепке жаш мугалимдердин келиши окуучулардын билимин баалоого таасирин тийгизди.**

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы 3-11-класстардын 1-жарым жылдыктагы билим сапатынын диограмма түрүндөгү көрсөткүчү.**




2020-2021-окуу жылында 1-жарым жылдыкта көрсөткүчү 40% жогору болгон класстар 3-а,б, 4-а,б, 10-а класстар.Бул класстарда көп предметтерден тажрыйбалуу мугалимдер сабак беришет, класс жетекчи менен предметтик мугалимдер тыгыз иш алып барганы байкалып турат.

Билим сапаты 30 % төмөн болгон класстар 5-б, 6-а, 7- г, класстар.Билим сапаты 40% жогору болгон класстар “жакшы” деп табылды. Ал эми билим сапаты 35% төмөн чыккан класстарды окуткан көпчүлүк предметтик мугалимдер жаш адистер болгондуктан билим сапаты төмөнкү көрсөткүчтү көрсөттү. Класс жетекчилер, предметтик мугалимдер жана ата-энелер менен байланышып тыгыз иш алып баруусу сунушталат.